# Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2013-жылдын ноябрь айы)*

Финансы министрлигинин казына облигацияларын баштапкы рынокто жайгаштыруу боюнча ноябрь айында бир аукцион өткөрүлгөн. Рыноктун катышуучулары тарабынан өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 15,0 пайызга төмөндөө менен 142,0 млн. сом суммасына баалуу кагаздар сатылып алынган. Сатуулардын мындай төмөндөөсү коммерциялык банктар тарабынан активдүүлүгүнүн төмөндөөсүнөн улам келип чыккан (бир коммерциялык банк кыйла активдүүлүктү көрсөткөн), 2012-жылдын июнь айында жигердүү катышышкан институционалдык инвесторлор тарабынан кызыгуу мурдагыдай эле деңгээлде турган.

Канааттандырылган суроо-талаптын деңгээли 19,3 пайыздык пунктка жогорулап, 35,3 пайызды түзгөн. Мында, баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү 14,1 пайыз түзүү менен өткөн жылдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу (-0,4 пайыздык пунктка) төмөндөгөн. МКО боюнча кирешелүүлүктүн салыштырмалуу жогорку деңгээлине байланыштуу, көпчүлүк банктар тарабынан мамлекеттик баалуу кагаздардын бул түрүнө кызыгуусу үч айдын ичинде салыштырмалуу жогорку деңгээлде калган

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




Жүгүртүүдөгү МКОнун көлөмү ноябрь айында 5,3 млрд. сомго чейин (-2,2 пайызга) төмөндөгөн. Мында, коммерциялык банктардын үлүшүнүн 1,2 пайыздык пунктка (49,5 пайызга чейин) көбөйүүсү байкалган, институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы 1,3 пайыздык пунктка төмөндөп, 48,7 пайыз өлчөмүдө түптөлгөн. Өткөн айда МКО рыногунда резидент эмес-юридикалык жактар ноябрь айында үлүшүн 1,7 пайызда сактоо менен катышуусун жигердештирген.

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун баштапкы рыногунун концентрациялануу[1] индекси 0,34 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүштөгү үч инвестордун катышуусуна ылайык келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКО менен операциялар жүргүзүлгөн эмес.

[1] Аталган индекс банктар портфелиндеги баалуу кагаздардын концентрациялануу деңгээли көрсөтүлөт. Концентрациялануу индекси Херфиндаля-Хиршмана методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейин маанилердин интервалында бар. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси бирдей үлүштөгү эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банкы | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Ноябрь'2012 | 4 561 550,0 | 0,0 | 0,0% | 2 476 473,2 | 54,3% | 2 081 874,6 | 45,6% | 3 160,2 | 0,1% |
| Декабрь | 4 750 550,0 | 0,0 | 0,0% | 2 486 473,2 | 52,3% | 2 260 874,6 | 47,6% | 3 160,2 | 0,1% |
| Январь'2013 | 4 841 300,0 | 0,0 | 0,0% | 2 536 223,2 | 52,4% | 2 301 874,6 | 47,5% | 3 160,2 | 0,1% |
| Февраль | 4 955 200,0 | 0,0 | 0,0% | 2 650 123,2 | 53,5% | 2 301 874,6 | 46,5% | 3 160,2 | 0,1% |
| Март | 5 075 200,0 | 0,0 | 0,0% | 2 770 123,2 | 54,6% | 2 301 874,6 | 45,4% | 3 160,2 | 0,1% |
| Апрель | 5 089 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 784 623,2 | 54,7% | 2 301 874,6 | 45,2% | 3 160,2 | 0,1% |
| Май | 5 107 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 707 009,2 | 53,0% | 2 397 488,6 | 46,9% | 3 160,2 | 0,1% |
| Июнь | 5 612 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 796 903,1 | 49,8% | 2 812 594,7 | 50,1% | 3 160,2 | 0,1% |
| Июль | 5 728 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 796 903,1 | 48,8% | 2 928 594,7 | 51,1% | 3 160,2 | 0,1% |
| Август | 5 598 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 838 031,9 | 50,7% | 2 757 465,9 | 49,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Сентябрь | 5 720 480,0 | 0,0 | 0,0% | 3 012 511,9 | 52,7% | 2 704 765,9 | 47,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Октябрь | 5 437 480,0 | 0,0 | 0,0% | 2 627 076,6 | 48,3% | 2 717 403,4 | 50,0% | 3 000,0 | 0,1% |
| Ноябрь | 5 318 580,0 | 0,0 | 0,0% | 2 635 176,6 | 49,5% | 2 588 703,4 | 48,7% | 4 700,0 | 0,1% |